**Гуманитарные науки**
***Педагогика***

**УДК: 371.124 (575.2) (04)**

***Мусакулов Т.М.***
*Ж. Баласагын атындагы КУУ / КНУ им. Ж. Баласагына*
***Musakulov T.M.***
*J. Balasagyn KNU*

# Мугалимдик кесиптин азыркы абалы жана кадыр-баркы
# Современный статус и престижность профессии учителя
# The current status and prestige of the teaching profession

***Аннотация.*** *Бул макалада мугалимдик кесипке байланыштуу эмгек шарттарын түзүү көйгөйлөрү каралып, кесиптин кадыр-баркы жана анын коомдогу ээлеген орду менен байланышы бар экенин түшүнүү сунушталат. Макалада мугалимдердин жумуш чөйрөсүнө да, кесибине да канааттануу деңгээли, аны менен кошо, мезгилдин өтүшү менен мугалимдин коомдогу кадыр-баркы кандай өзгөргөндүгү салыштырылат. Ошондой эле, азыркы учурда мугалимдердин ден-соолук коркунучу менен байланышкан алардын абалын эске алуу жана эмгек шарттарын жакшыртуу көйгөйлөрү да көтөрүлгөн.*

***Аннотация.*** *В данной статье предполагается, что проблемы, связанные с профессией учителя, связаны с престижем профессии, и ее местом в обществе. В статье сравнивается уровень удовлетворенности учителей, как рабочей средой, так и профессией, а также то, как статус учителя в обществе менялась с течением времени. Также есть вопросы, связанные с необходимостью учитывать их здоровье и улучшать условия труда.*

***Abstract.*** *This article assumes that the problems associated with the teaching profession are related to the prestige of the profession and its place in society. The article compares the level of teacher satisfaction with both the work environment and the profession, as well as how the teacher's status in society has changed over time. There are also questions related to the need to take into account their health and improve working conditions.*

***Урунттуу сөздөр:*** *мугалимдик кесип, мугалимдин статусу, мугалимдик кесиптин баркы.*

***Ключевые слова:*** *профессия учителя, статус учителя, престиж профессии учителя.*

***Keywords:*** *teaching profession, teacher status, prestige of the teaching profession.*

Кыргыз Республикасынын «Мугалимдин статусу жөнүндө» аттуу мыйзамынын 1-беренесинде «Мугалим - зарыл кесиптик билимге жана тиешелүү квалификацияга ээ, жалпы орто мектепке чейинки жана мектептен тышкаркы билим берүү мекемелеринде иштеп жаткан, окутуу, илимий, усулдук, тарбиялык, уюштуруучулук жана жетекчилик иштерди аткаруучу киши» [1, 1-б.].

Ошондой эле «Педагогдук иштин шарттары жана мүнөзү мугалимдин статусунун мазмунун аныктайт, ал мугалимдин укуктарын, милдеттерин жана жоопкерчилигин, ошондой эле аларды ишке ашыруунун кепилдиктерин камтыйт» деп жазылган [1, 1-б.].

Ушул эле мыйзамдын 3-беренеси «Мугалимдин статусу жөнүндө мыйзамдар» деп аталып, анда «Кыргыз Республикасынын мугалимдин статусу жөнүндө мыйзамдары Кыргыз Республикасынын Конституциясынын, Кыргыз Республикасынын «Билим

берүү жөнүндө» мыйзамынын жоболоруна негизделет жана ушул Мыйзамдан жана мугалимдин укуктарын, милдеттерин жана жоопкерчилигин аныктаган Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларынан турат. Мугалим Кыргыз Республикасынын Конституциясында белгиленген бардык укуктардан жана эркиндиктерден пайдаланат» деп жазылган.

Кадыр-барк – бул бардык адамдар татыктуу жана адамдык сапаттын кынтыксыз деңгээлине ээ болгондор тарабынан ырасталгандыгын сыйлоо жана урматтоо. Кадыр - татыктуу сапат, бул баалуу, кадырлуу, татыктуу дегенди билдирет жана кадыр-барк деген термин латын сөзүнөн келип чыккан (prestitas). 1948-жылдагы Адам укуктарынын жалпы декларациясынын преамбуласында «адамзаттын бардык мүчөлөрүнүн ички кадыр-баркы» деп жазылып 1-беренесинде «бардык адамдар эркин төрөлөт жана кадыр-баркы жана укуктары боюнча бирдей» [2, 1-б.] деп белгиленген.

Кесиптин кадыр-баркын көтөрүү, албетте, кесиптин жагымдуулугун жогорулатууга жана чыныгы кесиптин ээлерин сактап калууга жардам берет. Мугалимдик кесипти ала турган болсок, бул кесиптин кадыр-баркын көтөрүү жана анын коомдогу ордун сактап калуу илимий көйгөй катары буга чейин деле көптөгөн илимпоздордун, белгилүү инсандардын, ар кандай мугалимдик уюмдардын, ошондой эле, коомдук ишмерлердин жана саясатчылардын педагогикалык кадрлардын кесипкөйлүгүн жогорулатууга жумшаган көптөн берки аракеттери болуп эле келген. Бирок, ошого карабастан, мезгил өткөн сайын өзгөрүлүп келген мугалимдик кесиптин азыркы учурдагы абалы жөнүндө изилдеп көрүүнү туура көрдүк.

Мугалимдерге жаштардын ар тараптуу өсүп-өнүгүшүн камсыз кылуу жана ар бир жаңы муунду келечектин талабына жооп берүү үчүн даярдоо милдети жүктөлгөнү белгилүү. Мындай маанилүү ишмердик бардык эле өлкөлөрдө негизги талаптардын катарына киргени менен, мугалимдик кесип да аны менен кошо негизги кесиптердин катарына эсептелери менен, кадыр-барктуу жана сыймыктуу кесипке айланат деп күтүүгө болобу? Жогорку денгээлдеги мугалимдерди даярдоо, алардын квалификациясын жогорулатуу - бул жогорку сапаттагы жана кесипкөй педагогикалык жумушчу күчүн түзүү үчүн жүргүзүлүшү керек болгон билим берүү системасынын негизги саясаты. Чындыгында эле, билим берүү мекемелери кесипкөйлүктү аныктоо, сапаттуу адистерди таануу жана аларды кармап калуу максатында мансаптык өсүү жолдорун сунуштоо менен жогорку квалификациялуу мугалимдерди өздөрүнө тартышат. Окуу жайларда сый-урматтын баалуулугун басаңдатуу туура эмес. Мугалимдерге болгон сый-урматтын жоктугу келечекте аябагандай чоң зыян алып келиши мүмкүн, бул окутуу процессин жана билим берүүнүн системасын толугу менен бузат. Акыркы жылдары биздин өлкө боюнча көптөгөн мектептерде мугалимдерди сыйлоо, урматтоо деген түшүнүктөр дээрлик жоктой сезилет. Окуучулардын, ата-энелердин, жада калса башка мугалимдердин мугалимдерге карата урмат-сыйсыздыгын баса белгилеген күн сайын бир нече педагогикалык кырдаалдар жаралып да жүрөт.

Мугалимдерди окуучулар урматтоону каалашпаса, алардан эмнени күтүүгө болот? Сыйлоо-урматтоо азыркы учурда көп талкууга түшкөнү менен, бирок андан дайыма мугалимдер жапа чегип келишет. Окуучулар мугалимине урмат көрсөтүүдөн баш тартканда, бул мугалимдердин авторитетине шек келтирет, анан окуучулардын окуусуна да табигый тоскоолдуктарды жаратат. Мындай чөйрөдө окуучулардын билими, билимге болгон жетишүүсү өрчүбөйт. Азыркы учурдагы абалды карап көргөндө көпчүлүк мугалимдер окуучуларына ырааттуу түрдө урмат көрсөтүшүп, өз милдеттерин аткарып келе жатышат. Мындан бир нече ондогон жылдар мурун

мугалимдер өздөрүнүн салымдары үчүн урмат-сыйга ээ болушчу. Тилекке каршы, ал күндөр артта калды окшойт. Мисалы, мугалимдер окуучуга начар баа койгон болсо, анда ал окуучу класста эмне кылышы керек болсо, ошону кылбаганы үчүн эки алчу. Азыр окуучу жетишпей калса, күнөө көбүнчө мугалимге коюлат. Мугалимдер окуучулары менен болгон чектелген убакытта гана көп нерсени кыла алышат. Мугалимдерди күнөөлөп, аларды шылдыңга айлантуу коом үчүн оңой. Бул жалпы коомдо мугалимдерге болгон сый-урматтын жоктугунан кабар берет.

Мугалимдерге болгон сый-урмат нормага айланганда кана, бул көрүнүш мугалимдерге да олуттуу таасир этет. Билим берүү чөйрөсүндө мугалимдердин кадыр-баркы көтөрүлүп, аларды урматтоо менен сыйлоо толук калыптанганда, айрыкча тажрыйбалуу мугалимдерди окуу жайда кармап калса болот. Бул көз караш биздин изилдөөбүздүн жыйынтыгында далилденди. Эч бир мугалим билим алуучуларды аша башкарууну жактырбайт, бирок бул окутуунун маанилүү компоненти экенин эч ким тана да албайт. Тарбиялоо менен окутуу процесстери башкаруусуз ишке ашпаган ишмердиктер болгондуктан, аткаруу учурунда ар түрдүү кырдаалдар жаралышы мүмкүн. Коомдогу принциптер менен окутуунун, тарбиялоонун принциптери дал келбей, ар бир тарап бирин-бири түшүнүшпөй калган учур жаралат. Окуу жайлардагы сый-урматтын жоктугу, ачыгын айтканда, көптөгөн ата-энелер мугалимдерге болгон мурункудай сый-урмат көрсөтүү сыяктуу негизги баалуулуктардын маанилүүлүгүн үйрөтө алышпайт. Ушундан улам, окуу жайлар бул принциптерди калыптандыруу ниетинде тарбиялоо программалары аркылуу билим алуучуларга үйрөтүү милдеттерин өздөрүнө алышы керек болот. Мындай деп эсептегенге негиз бар. Анткени, биздин студенттерибиз практикага барган учурдагы тарбиялык иштердин арасында «Мугалимдин баалоо, аларга сый-урмат көрсөтүү» сыяктуу мектептеги иш-чаралардын арасынан кездештирбейсин. Ушундан улам, биздин оюбуз боюнча, окуу жайларда, башталгыч класстардан баштап бири-бирин сыйлоо принциптерин калыптандыруу максатында ар тараптуу программаларды ишке ашырышы керек. Окуу жайлардагы сый-урматты негизги баалуулук катары калыптандыруу бул мекеменин маданиятын жакшыртат жана акырында билим алуучулар кийин коомдогу чөйрөдө да өздөрүн коопсуз жана ыңгайлуу сезишип, жеке ийгиликтерге жетише да алышат.

Аткарган иштерибиздин жыйынтыктарын карап көргөнүбүздө мугалимдик кесиптин кадыр-баркын калыптандыруу менен мугалимдердин иштөө шарттары чечүүчү орунду ээлери аныкталды. Эмгек шарттарына канааттануу, окуу жайдагы чечимдерди туура кабыл алуу жана ушуларга байланыштуу билим берүү чөйрөсүндө жакшы көрсөткүчтөргө жетишүү жана башка ушул сыяктуу маселелер мугалимдердин коомдогу кадыр-баркынын баалуулугун сезүү менен байланыштуу болоору байкалды. Жакшы эмгек шарттары, мисалы, финансылык ресурстарды туура бөлүштүрүү, мугалимдерди ар тараптан колдоо жана аларга түшүнүү менен мамиле жасоо, мугалимдердин канаатануусун, ишине берилгендигин жана ишмердигинин эффективдүүлүгүн жогорулатат. Тескерисинче, эбегейсиз көп жумуш талаптары жана стресстик эмгек шарттар, мугалимдин өз жумушуна канааттануусу турмак наараазы болууга негиз болуп, жумушуна берилгендиктин төмөндөшүнө алып келиши толук ыктымал. Бул болсо, өз учурунда, мугалимдин чаалыгып-чарчоосуна, ишинен тажоосуна, андан ары кесибин таштап кетүүгө да түрткү болушу мүмкүн. Ошондуктан, мугалимдик кесиптин коомдогу кадыр-баркын көтөрүп, алардын эмгек шарттарын жакшыртуу жана ушул сыяктуу башка маселелерди чечүү бул кесипти сактап калууга жана кесипкөй мугалимдерди кармап калууга, жаңы кесипкөй мугалимдерди тартууга

пайдалуу болоорун түшүнүү маанилүү экендиги, жана бул көйгөй чет өлкөлүк изилдөөлөрдө да көйгөйлуу маселе катары кенири каралып келээрин аныктап чыктык.

The teaching and learning International Survey (TALIS) Эл Аралык изилдоо мекемесинин [3, 4-б.] изилдөөсүн карап көрсөк, бул мекеме мугалимдик кадыр-барк, жумушуна канааттануу, кесиптик стресс жана кесиптик чарчоо көрсөткүчтөрү ортосундагы байланыш бар экендигин таанып, аларды төмөнкүчө чагылдырат. Биринчи иретте, мугалимдик кесип коомдо кандай баалаанары каралып, бул баа убакыттын өтүшү менен кандайча өзгөргөнү изилденген. Кийинки иретте, мугалимдик кесиптин ээлеринин өздөрүнүн жумушуна болгон көз караштары иликтенип, алардын азыркы учурда иштөө чөйрөсүнө жана кесибине канааттануусу көрсөтүлгөн. Бул бөлүктө мугалимдердин кесиптик стресске кабылуусуна, ошол стрессти пайда кылуучу себептерге, ошондой эле, өзгөчө, жумуш убактысына жана мугалим аткаруучу жүктөмдөрдүн көлөмүнүн көптүгүнө көңүл бурулган. Аягында, эмне себептен мугалимдер өз кесибинен тажаганын, жумушуна көнүл кош мамиле кылуу абалына жетүү коркунучун иликтеп, булар менен эмгек шарттарынын жана мугалимдик кесиптин өзгөчөлүктөрүнүн байланышы бар экендиги көрсөтүлгөн.

Ушундай эле изилдөөлөр башка чет өлкөлүк мекемелерде да жүргүзүлүп, мугалимдердин кадыр-баркы менен билим берүүнүн көйгөйлөрүнүн ортосунда байланышы жөнүндө суроо башкы орунду ээлеген. Алардын изилдөө максаттары ар түрдүү багытта болсо да, көйгөйлөрдүн түздөн-түз байланыштары бардыгы тууралуу кызыктуу ачылыштар жасалган. Мисалы, Испаниянын Севилья шаарындагы 99 мугалим менен болгон маекке негизделген статистикалык иликтөөдө, кесиптеринин баалуулугу төмөн болгон мугалимдер жумушта эмоционалдык баскычтын (стресске кабылуу, тажоо, чарчоо, оор абалга кептелүү, д.у.с.) көрсөткүчтөрдүн чыналган чегине жакын экендиги аныкталып, ал эми Улуу Британияда 849 мугалимдердин арасында жүргүзүлгөн сурамжылоодо мугалимдик кадыр-барк аларды кармап калууда маанилүү орунду ээлерин аныктап өтүшкөн. Ушул эле сурамжылоолордо мугалимдик кесиптин кадыр-баркы, анын коомдо кандайча бааланары жана бул көрсөткүчтөр убакыттын өтүшү менен кандай өзгөргөнү тууралуу суроолор да басымдуу болгон. Изилдөөдө жалпы коомдун көз карашында мугалимдердин кадыр-баркы, алардын жумушуна канааттануусу жана кесиптин жагымдуулугу менен кандай байланышы бар экениндиги да негизги маселелердин бири катары сурамжыланган.

Тагыраак мисал катары, мугалимдик кесиптин азыркы учурдагы кадыр-баркы жөнүндө түшүнүк алуу үчүн, TALIS мекемеси мугалимдерден кесибине канчалык деңгээлде ыраазычылыгын билүү максатында изилдөө жүргүзгөндүгүн, анда мугалимдик кесиптин коомдогу кадыр-баркын аныктап чыгышкандыгын келтирсек болот. Орточо эсеп менен алганда изилдөөгө катышкан мугалимдердин 26% гана өз кесиби «коомдо бааланат» деген тыянак менен «макулмун» жана «толук макулмун» деп жооп беришкендиги белгиленген. Мугалимдердин 6-9% Аргентина, Хорватия, Франция, Португалия жана Бельгия өлкөлөрүндө, ал эми Словакиядагы француз коомчулугунун мугалимдердин 5% азыраагы мугалимдик кесип башка кесиптерден төмөн бааланары менен макул болушкан. Алардан айырмаланып, сурамжыланган мугалимдердин көпчүлүгү (50% жогору) мугалимдик кесип коомдо бааланат деп эсептешкен өлкөлөргө Вьетнам (92%), Сингапур (72%), Бириккен Араб Эмираттары (72%), Корея (67 %), Казакстан (63%), Канада (63%), Түштүк Африка (61%), Кытай (60%), Финляндия (58%) жана Сауд Арабиясы (52%) киришкен [3, 4-б.].

Ошондой эле изилдөөдө, «мугалимдер өз кесиби коомдо бааланарына ишенишеби же жокпу» деген суроо коюлуп, бул маселе эркектер менен аялдар арасында кандай болоору да көрсөтүлгөн. Орточо эсеп менен алганда, эркек мугалимдердин 29%, аялдардын 24% алардын кесиби коомдо бааланат деп эсептешет. Бул көрсөткүч TALISтин 32 мамлекетте жүргүзүлгөн изилдөөлөрүнун жыйынтыгында алынган. Бир аз төмөнкү көрсөткүчтөр Мексикада (13%) жана Латвияда (12%) Сауд Арабиясында (16%), Бириккен Араб Эмираттарында (4%) жана Вьетнамда (2%) байкалган [3, 5-б.].

Бүгүнкү күндө Россия мамлекетинде да «мугалимдик кесипти кадыр-барктуу деп айтууга болобу» деген суроого сурамжылоого катышкандардын көпчүлүгү (58%) «жок» деп жооп беришкен. Терс жоопту тандаган сурамжылануучулар биринчи кезекте мугалимдин оор жана жоопкерчиликтүү эмгеги үчүн акы төлөөнүн өтө төмөн деңгээли менен түшүндүрүшкөн. Алардын ойлору боюнча «Кесиптин кадыр-баркы анын социалдык мааниси менен аныкталат, ал эми социалдык мааниси тиешелүү акчалай сыйлык менен ырасталышы керек» дешкен [4, 1-б.].

Мугалимдердин кирешесинин деңгээли бүгүнкү күндө көп нерсени аныктап турат, ошондуктан бул кесипти кадыр-барктуу деп айтууга болбойт. Мугалимдик кесипти кадыр-барктуу деп айтууга болбостугунун экинчи себеби катары сурамжылоого катышкандар заманбап мугалимдердин даярдыгынын төмөндүгүн белгилешкен: «Мыкты адис болуу дайыма кадыр-барктуу, бирок мугалимдик кесип абройлуу эмес. Көптөгөн мектептерде педагогикалык окуу жайын араң бүтүргөндөр мугалимдик кесипти аркалап, бул адистиктин аброюна шек келтирет. Жогорку окуу жайын эң жакшы баалар менен бутургендер жакшы акы төлөөчү жумушка орношууга умтулушат. Мугалимге болгон совет мезгилиндегидей сый-урматты калыбына келтирүү кыйын, ансыз студенттер арасында кесиптин кадыр-баркы болбойт. Мындан тышкары, сурамжылануучулардын белгилешинче, бул кесипти кадыр-барктуу деп айтууга болбойт, анткени азыркы окуучулар аларды окуткандарды сыйлабайт. Башкача айтканда, мектептерде иштеген мугалимдер материалдык гана эмес, психикалык жактан да ыңгайсыздыктарды баштан кечиришет. Окуучуларга мугалимдерге караганда көбүрөөк эркиндиктер жана укуктар берилген, ошондуктан окуучулар көбүнчө өздөрүн падышалардай алып жүрүшөт. Мугалимдердин милдеттери укуктарынан үч-төрт эсе көп. Ошондуктан уламбы, Россияда изилдөөгө катышкандардын 22%ы гана мугалимдик кесипти престиждүү кесип деп эсептешкен [4, 1-б.].

Сурамжылоого катышкандардын 20%ы жооп берүү кыйынга тураарын белгилешип, анткени, алардын айтымында, «Бир жактуу, түшүнүктүү жооп берүү кыйын. Эгерде кадыр-барк сый-урмат жана зарылдык катары каралса, ооба, бул кадыр-барктуу, ал эми социалдык жактан каралса (б.а. эмгек акы), анда кадыр-баркы жок кесип экендигин баса көрсөтүшкөн. Кээ бир сурамжылануучулар бул кесип, албетте, башка өлкөлөрдө кадыр-барктуу экенин, бирок, тилекке каршы, өз өлкөсүндө кадыр-баркы жок экенин белгилешкен. Бул жерде Жак Барвиндин айткан сөзүн келтирсек: «Мугалимдик – жоголгон өнөр эмес, бирок мугалимдикти сыйлоо – жоголгон салт» деп айткан. Тилекке каршы, биздин өлкөдө мугалимдер көптөн бери кадимки адам катары кабылданбай калды. Биз көп нерсени өзгөртүшүбүз керек, ошондо гана мугалимдик кесип бүткүл дүйнөдө кадыр-барктуу деп ишенимдүү айтууга болот!» [4, 1-б.]

Мугалимдер эң асыл, эң керектүү жана өтө ыраазы болгон кесиптин өкүлдөрү экенин чет өлкөлөр да танбасын аныктадык. Ошол эле учурда, бүгүнкү күндө кесиптин ийгилигинин жана кадыр-баркынын негизги өлчөмү анын «асылдыгы» эмес, татыктуу эмгек акысы болуп саналаары да аныкталды. Отто фон Бисмарк мамлекеттин мугалимге болгон мамилеси же мамлекеттин күчтүүлүгүнөн же алсыздыгынан кабар берет деп

айткан. Андыктан биз эң асыл кесиптин өкүлдөрүнө дүйнөнүн ар кайсы өлкөлөрүндө кандай мамиле кыларын билүүнү чечтик [5, 1-б.].

OECD статистикалык агенттиги жүргүзгөн изилдөөгө ылайык, мугалимдердин эң жогорку маянасы Люксембургда төлөнөт – ал жерде жаңыдан жаңы келген мугалимдин айлыгы жылына 79 миң долларды түзөт. Германияда жана Данияда мугалимдерге да чоң айлык төлөнөт. Ал жерде, баштапкы этапта, мугалимдин эмгек акысы мүмкүн болгон максимумдан көп деле айырмаланбайт, бул жылына $ 75 000. Канадада, АКШда жана Жаңы Зеландияда мугалимдердин эмгек акысы карьерасынын аягында же 15 жылдык тажрыйбадан кийин максимумга жетет - бул жылына болжол менен 65 000 долларды түзөт. АКШда мектеп мугалими милиционер кандай айлык алса, ошончо айлык алат. Бирок, Америкада мугалимдерге эч кандай бонустар жана үстөк акылар төлөнбөйт - алар айлык акылар мугалимдин ишинин сапатына таасир эте албайт деп эсептешет. Бирок Улуу Британиядагы мектеп мугалими жылына болжол менен 45 000 доллар алат жана ошол эле учурда бонустарга да ишене алат. Түштүк Кореяда эмгек акынын тажрыйбага түздөн-түз көз карандылыгы бар: жаңы келген мугалим стажировканын биринчи жылында «болгону» 30 миң доллар табат, бирок 10 жылдык стажы болгондон кийин анын айлыгы 50 миң, андан ары жылына 84 миң долларга чейин көтөрүүгө болот. Японияда мугалимдин иши өтө престиждүү деп эсептелет, ошондуктан бул жерде мугалим болуу оңой эмес. Бул үчүн, атайын билимден тышкары, мектеп мугалиминин кызматына талапкер адам мугалимдикке канчалык ылайыктуу экенин аныктоочу экзаменден өтүшү керек, андан кийин дагы тиешелүү лицензияны алышы керек. Япониянын мектептериндеги орун үчүн сынак бир орунга 20-30 адамды түзөт, бирок айлык акы бирдей: жылына 65 000 доллар. Бул өлкөдө мугалимдер мисалы, мугалимдин үй-бүлөсү жана балдары болсо, анын классындагы окуу көрсөткүчтөрү жогору болсо, жашоо деңгээли жогору аймакта иштесе айлыктан тышкары көп бонустарды алышат. Ал эми мугалимдин жеке турак жайы жок болсо, ага турак жайдын ижара акысы үчүн айлык маянасынын дагы 10% төлөнөт. Европадагы эң төмөнкү айлык акы Чыгыш Европадагы мугалимдердин арасында. Польшада – 27 миң доллар, Словакияда – 22 миң доллар, Эстонияда – жылына 17 миң доллар [3, 5-б.].

Билим алуудагы эң жакшы жетишкендик мугалимге эң жакшы сый-урмат болгон жерде. Азыркы учурда биз көрүп тургандай, ар дайым эле мындай боло бербейт: кээ бир өлкөлөрдө мугалимдер жогорку эмгек акыга жана ыңгайлуу эмгек шарттарына ээ болушса, башка өлкөлөрдө мугалимдер өтө оор абалда болгону, кадыр-баркы жок эсе экендиги байкалганын көптөгөн башка мекемелер да изилдеп чыгышкан.

Мугалимдердин маянасы менен алардын кадыр-баркы, аларга болгон урмат-сыйдын түздөн түз байланыш бар экендигин баардык эле изилдөөлөр белгилененин байкайбыз. Мисалы, алардын изилдөөлөрүнүн жыйынтыгын карап көргөндө урмат-сый менен алынган эмгек акынын ортосунда айкын байланыш бар экенин көрсөтүп турат: статусу канчалык жогору болсо, профессионал мугалимдер ошончолук көп киреше табат. Ал эми макаланын башында айтылгандай, көптөгөн өлкөлөрдө педагогдор алган сый акы башка кесиптерге салыштырмалуу жөнөкөй деп сыпатталат. Бирок реалдуулук ар бир мамлекет мугалимдерге канча төлөш керек экенин өзү чечет жана бул айлыкка кесиптин коомчулуктун алдындагы статусу таасир этпейт. Себеби, ар бир мамлекет сыйлыктарды өлкөнүн байлыгына, өкмөттүн мугалимдерди соодалашуусуна, мугалимдик кесиптин маанилүүлүгүн түшүнүүсүнө жана башка көптөгөн факторлорго карап башкарат. Бул жогорку айлык акы бар болсо да, урмат-сый жакшырышы мүмкүн, бирок тескерисинче эмес дегенди билдирет. Эгерде мугалимдердин коомдогу статусу

көтөрүлүп жатса, бул мамлекет алардын айлыгын көтөрөт дегенди билдирбейт. Кошумчалай кетсек, изилдөөлөрдүн көрсөткүчтөрү мугалимдин сый-урматы менен окуучулардын жетишкендиктеринин ортосундагы мүмкүн болгон байланышты, ошондой эле ага мугалимдин көзөмөлдөнгөн айлык акысы кандай таасир этээрин көрсөттү. Мугалимдин статусун жогорулатуу жана айлык акынын жогору болушу класстын натыйжалуулугуна оң таасирин тийгизет.

Жыйынтыктап айтканда, изилдөөлөрдүн көрсөткүчтөрү билим берүү мекемелеринин жетекчилери көбүнчө жөнөкөй мугалимдерге караганда жогору статуска ээ экенин көрсөтүп турат. Мугалимдерге болгон сый-урмат менен алардын кадыр-баркы алар алган маяна менен дайыма эле байланышта болору да далилденген. Бул изилдөлөрдө белгилегендей, мугалимдерге көбүнчө адилеттүү же коомчулуктун оюу боюнча айлык акы төлөнбөйт. Коом мугалимдердин иш убактысынын чыныгы узактыгын баалабайт. Мындан тышкары, мугалимдик кесипти кабыл алууда маданий факторлор чоң роль ойнойт. Алынган нажыйжалар бүткүл дүйнө боюнча мугалимдердин абалын талкуулоонун маанилүүлүгүн баса белгилөө менен коштолот, анткени бул билим алуучулардын билимин жакшырышына түздөн-түз салым кошо алат. Мугалимдик кесип баркталса, бул кесипке умтулгандар көбөйүп, окуучулардын окуудагы көрсөткүчтөрү жакшырат.

Жыйынтыктап айтсак, мугалимдердин канааттануусун жана алардын коомдогу ордун камсыз кылуу билим берүү стратегиясынын өзөгүн түзүүчү маселе экендиги талашсыз. Мугалимдик кесипти коомдо жогору баалоо үчүн эмгек акыны жогорулатууну жана эмгек шарттарын жакшыртуу үчүн билим берүү системасын бул багытта реформалоо зарыл. Мыкты талапкерлерди тартуу жана окутууну керектүү шарттар менен камсыз кылуу үчүн мугалимдердин орточо эмгек акысын квалификациясына жана чеберчилигине ылайыкташтыруу, мугалим болом дегендер үчүн өтө маанилүү, өзгөчө жаштар арасында, жана булардын баары мугалимдик кесиптин кадыр-баркын жогорулатууга багытталаары шексиз.

**Адабияттардын тизмеси:**


1. Кыргыз Республикасынын мыйзамы. [Электронный ресурс] Бишкек шаары, 2001-жылдын 14-январы №9. Мугалимдин статусу жөнүндө. https://infourok.ru/mugalimderdin-statusu-zhonundo-zakon-kr-4579211.html
2. ky.warbletoncouncil.org/dignidad-2017. 1б.
3. https://www.oecd.org/education/talis/TALIS2018_insights_and_interpretations.pdf
4. https://multiurok.ru/blog/prestizhno-li-byt-uchitelem.html
5. Колесникова Е.М. Публичный образ профессии учителя: опыты исследования и вклад в статусные показатели группы // Вестник Нижегородского университета имени Н.И. Лобачевского. Серия социальные науки. 2013. № 1 (29). С. 28-34. [Электронный ресурс] https://cyberleninka.ru/article/n/publichnyy-obraz-professii-uchitelya-opyty-issledovaniya-i-vklad-v-statusnye-pokazateli-gruppy/viewer


***Рецензент: Кокомбаев К. С.*** *- социология илимдеринин кандидаты, доцент****,*** *Эл аралык Кувейт университетинин доценти*